**ЭСФОЛАЙТ-С**

ТАМАК-АШКА БИОЛОГИЯЛЫК АКТИВДҮҮ КОШУЛМАНЫ
КОЛДОНУУ БОЮНЧА НУСКАМА

| **Курамы: 1 капсулада төмөнкүлөр камтылат:**<br>*активдүү заттар:* | **Өлчөмү** |
|---|---|
| Силимарин<br>(тактуу сүт тикендин маңызынан) | 100 мг |
| Эссенциалдык фосфолипиддер | 60 мг (0,9%*) |

*көмөкчү заттар:* дикальций фосфат (Е341), микрокристаллдуу целлюлоза (Е460), кремний диоксиди (Е551), магний стеараты (Е470б), капсуласы: желатин (буканын терисинен), титан диоксиди (Е171), темир оксиди (Е172)

БСЭГТ* 5-тиркемесине ылайык – керектөөнүн адекваттуу деңгээлинен ашпайт.

***Сүрөттөмөсү:***
**ЭСФОЛАЙТ-С** – боор клеткаларынын калыбына келүүсүнө жана коргоосуна көмөк көрсөтөт.

**Сүт тикендин маңызы силимариндин булагы** болуп эсептелет, ал сырттан келген жана боордун өзүндө зат алмашуунун натыйжасында пайда болгон уулуу заттардын организмден чыгарылышына көмөк көрсөтөт.
**Силимарин –** тактуу сүт тикендин маңызынан алынган биофлавоноидди билдирет. Гепопротектордук таасир көрсөтөт, анын механизми силимариндин антиоксиданттык жана мембрана турукташтыруучу активдүүлүгүнө шартталган.
Силимарин белоктун синтезине түрткү берет жана фосфолипиддердин зат алмашуусун нормалдаштырат, анын натыйжасында силимарин клеткалык мембраналарды турукташтырат жана боор клеткаларынын эрүүчү компоненттеринин (айрыкча трансаминазалардын) жоголушун чектейт же алдын алат. Мунун натыйжасында калыбына келтирүү жөндөмү жакшырат жана боор клеткаларынын калыбына келүүсү тездейт.

**Фосфолипиддер** бардык клеткалык мембраналардын ажырагыс компоненти болуп саналат жана, анын натыйжасында, боордун алмашуу процесстерин жакшыртууга көмөк көрсөтүү жана жаңы клеткалардын өсүшүнө түрткү берүүгө жардам берүү менен, организмде маанилүү биологиялык ролду ойнойт. Боор клеткаларынын регенерациясына көмөктөшөт, өттүн физикалык-химиялык касиеттерин турукташтырат. Продукттун курамына кирген фосфолипиддер нейтралдуу майларды жана холестеринди кычкылдануу жерлерине ташуу менен, липопротеиндердин зат алмашуусун жөнгө салат, бул негизинен холестерин менен жогорку тыгыздыктагы липопротеиндердин байланышуу жөндөмүнүн жогорулоосунун эсебинен жүрөт.

**КОЛДОНУУ ЧӨЙРӨСҮ:**
**ЭСФОЛАЙТ-С –** силимариндин жана фосфолипиддердин кошумча булагы – тамак-ашка биологиялык активдүү кошулма катары сунушталат.

**КОЛДОНУУ ЖОЛУ:**

Чоң адамдарга жана 14 жаштан жогору балдарга: тамак учурунда суткасына 1-3 жолу 1 капсуладан, жетиштүү өлчөмдөгү суу менен ичип кабыл алынат.
Кабыл алуунун узактыгы: 4-6 жума. Узакка кабыл алууга жол берилет (3 айга чейин).

**АЗЫКТЫК БААЛУУЛУГУ 100 г.дагы:**

| | |
|---|---|
| Майлар | 0 г |
| Белоктор | 5,01 г |
| Углеводдор | 52,98 г |
| Энергетикалык баалуулугу | 257 ккал/1075 кДж. |

**КАРШЫ КӨРСӨТМӨ:**

- БАК компоненттерине жекече көтөрүмсүздүк
- Кош бойлуу жана бала эмизген аялдарга
- 14 жашка чейинки курак.

**ӨЗГӨЧӨ КӨРСӨТМӨЛӨР:**

- Колдонуунун алдында дарыгер менен кеңешүү сунушталат.

**Кыйыр таасири:**

Ашказанда ыңгайсыздык сезими, жумшак заңдоо, ич өтүү – мүмкүн. Абдан сейрек учурларда – бөртмө, экзантема, бөрү жатыш, кычышуу.

**САТУУ ШАРТЫ:** Дарыкана тармагы жана адистештирилген дүкөндөр, соода тармагынын бөлүмдөрү аркылуу.

**САКТОО ШАРТЫ:**

Кургак жерде бөлмө табында, өзүнүн тангагында сакталат.
Балдар жетпеген жерде сактоо керек!

**ЧЫГАРУУ ФОРМАСЫ ЖАНА ТАҢГАГЫ**:

1 блистерде 10 капсуладан. 6 блистер кыргыз жана орус тилдеринде колдонуу боюнча нускамасы менен бирге картон кутуда.

**ЖАРАКТУУЛУК МӨӨНӨТҮ:** 36 ай.
Жарактуулук мөөнөтү өткөндөн кийин колдонууга болбойт.

**Өндүрүүчү:**
Fortex Nutraceuticals Ltd.,
8-10 Prohladen kut Str.,
София 1362, Болгария

**Мамлекеттик каттоо жөнүндө күбөлүктүн ээси (МКК):**
SPEY MEDICAL LTD.,
Lynton House 7-12 Tavistock Square, WC1H 9LT
Лондон, Улуу Британия

**Казакстан Республикасынын аймагында керектөөчүлөрдөн продукциянын (товардын) сапаты боюнча арыз-доолорду кабыл алуучу**

**уюмдун дареги**
**:**
«Cepheus Medical» (Цефей Медикал) ЖЧШ,
КР, Алматы ш., Аль-Фараби пр-тиси, 7,
«Нурлы Тау» ЖК, 5А блогу, 247-кеңсе,
тел: +7 (727) 300 69 71, E-mail: cepheusmedical@gmail.com